## ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ

## ВОСПИТАНИЕ И ОБУЧЕНИЕ

## EDUCATION AND TRAINING

***Асипова Н.А.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор,***
***Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# ИЗИЛДӨӨГӨ АЛЫНУУЧУ ТЕМАЛАРДЫН ПРОБЛЕМАЛУУЛУГУ ЖАНА АЛАРДЫН ЗАМАНБАП ТААЛИМ-ТАРБИЯ ТАЛАПТАРЫНА ТУУРА КЕЛИШИ

***Асипова Н.А.,***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# ПРОБЛЕМНОСТЬ ТЕМЫ ИССЛЕДОВАНИЙ И ИХ СООТВЕТСТВИЕ СОВРЕМЕННЫМ ТРЕБОВАНИЯМ ОБРАЗОВАНИЯ И ВОСПИТАНИЯ

***Asipova N.A.,***
***Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,***
***Kyrgyz National University named after J. Balasagyn,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# THE PROBLEMATIC NATURE OF THE TOPICS TO BE STUDIED AND THEIR COMPLIANCE WITH THE MODERN REQUIREMENTS OF EDUCATION AND UPBRINGING

***Аннотация:*** *Макалада заманбап педагогика илиминин социалдык институт катары милдеттери, анын Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүү талаптарына шайкештиги жана аларга жооп берүү маселелери, изилдөөгө алынуучу темалардын актуалдуулугу жана проблемалуулугу, ошондой эле педагогикалык проблемаларды жаратуучу карама-каршылыктар жөнүндө сөз болот.*

***Аннотация:*** *В статье речь идет о социальной функции педагогической науки, о проблемах соответствия данной науки социально-экономическим потребностям Кыргызской Республики, об актуальности и проблемности тем исследований, а также о противоречиях порождающих педагогические проблемы.*

***Annotation:*** *The article deals with the social function of pedagogical science, the problems of the correspondence of this science to the socio-economic needs of the Kyrgyz Republic, the actuality and problematic nature of topics to be studied, as well as contradictions that give rise to pedagogical problems.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *илим, илимдин өзгөчөлүгү, илимдин өндүрүмдүүлүгү, педагогикалык изилдөөлөрдүн проблемалуулугу, социалдык-экономикалык талаптар, педагогикалык карама-каршылыктар.*

***Ключевые слова:*** *наука, особенность науки, производительность науки, проблемность педагогических исследований, социально-экономические требования, педагогические противоречия.*

***Key words:*** *science, peculiarity of science, productivity of science, problematic character of pedagogical research, socio-economic requirements, pedagogical contradictions.*

**Киришүү.** Илим – коомдук маданияттын айныксыз бөлүгү, андыктан илимдин өнүгүүсү коомдун өнүгүүсүн шарттайт, демек, илимдин жана технологиялардын өнүгүүсүн коомдук дискурстун тышында кароого болбойт. Коомдук көрүнүш катары өнүккөн өлкөлөрдө ар бир илимдин өз пайдалануучусу (потребитель) болуусун эсепке алуу менен мамлекеттердин ички дүң продукциясынын мерчемдүү бөлүгү илимге жумашалат. Мисалы, 2017-жылы Россияда федералдык бюджеттен илимди каржылоого – 377,9 млрд руб., же ВВПнын 0,41% бөлүнгөн, анын ичинен колдонмо изилдөөлөргө 260,9 млрд руб. (69%), жана фундаменталдуу изилдөөлөргө – 117 млрд руб. (31%) каралган [7]. Бул каражат мамлекетке жана коомчулукка кандай кызмат түрүндө келет деген маселелер ар дайым коомчулуктун көңүлүнүн борборунда турат.

Ошол эле мезгилде, илим атайын адистештирилген, өндүрүмдүү ишмердүүлүктүн бир түрү. Илимдин интеллектуалдык баалуулук катары өзгөчөлүгү анын илимий чындыкты далилдөөгө багытталгандыгы жана аң-сезимибиздин тышындагы объективдүү түрдө бар болгон нерселерди илимий негизде түшүндүрүүсүндө жатат. Айлана-чөйрөдөгү, табияттагы жана коомдогу карым-катнаштарды, көрүнүштөрдү илимий негизде түшүндүрүп гана тим болбостон, аларды өркүндөтүү, кайрадан иштеп чыгуу, туура жолго салуу, объектин жаңы касиеттерин аныктоо, алардын функциялдык милдеттерин ачууга ж.б. багытталган чыгармачылык ишмердүүлүк болуп эсептелет. Андай объективдүү илим автономдуу жана көз карандысыз кандайдыр бир деңгээлде имманенттүү мүнөзгө ээ болгон социалдык жана маданий феномен. Бирок канчалык абстрактуу болбогондугуна карабастан, ар бир илимий тармактын өзүнө тиешелүү практикалык милдеттери боло тургандагы айныксыз көрүнүш.

Бүгүнкү күндө адамды үйрөнүүгө багытталган илимдер, алардын ичинде коомдун реалдуу абалына жана андагы адамдардын социалдык жана маданий ишмердүүлүгүнө карата өтө сезгичтиги менен айырмаланган илимдердин катарында педагогика илиминин маанисин эч ким тана албайт.

**Макаланын максаты.** Бүгүнкү Кыргыз Республикасындагы педагогика илиминин алкагында изилдөөнү талап кылган изилдөөлөрдүн проблемалуулугун жана алардын заманбап таалим-тарбия талаптарына туура келишин аныктоо эсептелет.

**Белгиленген максат төмөндөгүдөй милдеттерге көңүл бурууну талап кылат:**

1. Илимдин социалдык жана өндүрүмдүү көрүнүш катары милдеттерин ачыктоо.
2. КР социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө шайкеш келген педагогика илиминин прикладдык приоритеттерин аныктоо.
3. Изилдөөгө алынуучу темалардын актуалдуулугу жана проблемалуулугу жөнүндө ойлор менен бөлүшүү.

**Колдонулган методдор.** Макала илимий маалыматтарга жана расмий документтерге, интернет булактарга таянуу жана талдоо жүргүзүү, илимий жетекчи катары көп жылдык эмпирикалык байкоолор, учурдагы илимий иштер боюнча эскперттик талдоолор, аспиранттар жана окумуштуу педагогдор менен аңгемелешүү ж.б. методдорду колдонуунун негизинде жазылды.

**Изилдөөнүн мазмуну.** Бүгүнкү күндөгү илимдин социалдык статусу жөнүндө сөз кылып жатып, анын коомдогу өндүрүмдүү күч экендигин белгилеп кетүүбүз зарыл. Илимдин түздөн-түз өндүрүмдүү күчкө айлануу тенденциясы жөнүндө өз убагында К. Маркс: «...илимди түздөн-түз өндүрүштө пайдалануулусу анын өнүгүүсүн аныктоочу жана кыймылга келтирүүчү жагдай болуп эсептелет», – деген [2, 212].

Илимдин түздөн-түз өндүрүмдүү күчкө айлануусу XX кылымда күч алуу менен XXI кылымдагы заманбап цивилизациялык өнүгүүнүн мыйзам ченемдүү жана реалдуу көрүнүшүнө айланды. Бул жерде негизинен илимдин практикалык кайтарымдуулугуна басым жасоо менен табигый жана

техникалык илимдердин жетишкендиктеринин өндүрүшкө киргизилиши жана алардын натыйжасы катары өндүрүштүн өндүрүмдүүлүгүнүн артышын белгилемекчибиз. Буга байланыштуу бүгүнкү күндөгү педагогика илиминин жана анын негизги предметтеринен болуп эсептелген билимдин экономикалык кайтарымдуулугу артып, ал тургай билим берүүнүн натыйжасында түшкөн каражаттар экономиканын маанилүү сегментине айланууда. Буга түздөн-түз күбө болуп бүгүнкү Кыргызстандын билим берүү мейкиндигине чет өлкөлөрдөн келип билим алып жаткан студенттердин санынын өсүшү эсептелет [4, 17].

Илимдин социалдык көрүнүш катары дагы бир өзгөчөлөгү – анын ар дайым коллективдүү, корпоративдүү мүнөздө болуусу. Илим мамлекеттик, саясий жана колдонмолуучулук милдеттери, илимий жамааттык, мамлекеттик буюртмалардын (заказдарды) аткарылышы, илимпоз инсандардын демилгелүүлүгү жана чыгармачылык активдүү жана шайкеш иш-аракеттеринин натыйжасында жаралат.

Учурдагы педагогика илиминде изилдөөгө алынуучу темалардын кайтарымдуулугу, таалим-тарбиянын заманбап талаптарына туура келиши жөнүндө сөз кылганда биринчи иретте Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылдарга карата Улуттук өнүгүү стратегиясынан чыгышыбыз керек. Аталган өнүгүү стратегиясы тармактык илим изилдөө институттарынын (ИИИ), Кыргыз билим берүү академиясынын (КББА), ЖОЖдордогу илимий иштердин, билим берүүгө, таалим-тарбияга байланыштуу гранттык темалардын, илимий проектилердин, демилгелүү илимий иштердин тематикасын аныктоодон баштап, алардын максат, милдеттеринде, мазмунунда жана натыйжасында орун алынышын талап кылат.

Улуттук өнүгүү стратегиясы КР 2040-жылга чейинки калктын социалдык жактан өнүгүүсүн аныктайт жана ал жердеги түйүндүү сөз катары **«Өндүрүүчү адам»**, ишкер – коомубуздун маанилүү активдүү субьектиси катары алдыга чыгат, демек таалим-тарбиянын негизги максаты, обьектиси жана субьектиси катары өндүрүүчү адамды калыптандыруу эсептелет.

Аталган документтеги КР социалдык өнүгүүсүнө байланыштуу **педагогика илиминин приоритеттүү милдеттерине төмөнкүлөр кирет:**

1.8. милдетте: «Мамлекет мамлекеттик, жеке жана мамлекеттик негизде мектепке чейинки мекемелердин, эртелеп өнүктүрүү борборлорунун жана балдар чыгармачылыгынын борборлорунун кеңири тармагын колдойт жана кубаттайт», – деп белгиленген. Мунун өзү педагогика илимине түздөн-түз тиешелүү [3, 91].

1.9-милдетте: Мектептеги билим берүүнүн сапатын көтөрүү. Мектепте табигый илимдерге, дисциплиналар аралык жана тилдик даярдыкка басым коюлат. Бүтүрүүчүлөрдүн адистешүүсүн күчөтүүгө (инженердик-техникалык адистешүүгө) жана өндүрүмдүүлүктү көтөрүүгө маанилүү орун берилет. Биз жаш муунду татаал, бирок кызыктуу келечекке даярдашыбыз керек. «Келечектин мектеби» улуттук долбоору ишке киргизилет, анын алкагында ар бир облуста республикалык башкаруудагы үлгүлүү эксперименталдык мектептерди түзүү каралган.

1.10-милдетте: Жогорку билим берүүнүн сапатын көтөрүү. Мамлекет кызыкдар жактар менен бирдикте рыноктун талаптарына жана заманбап коомдун талаптарын, ошондой эле өлкөнү өнүктүрүүнүн келечегин эске алуу менен жогорку билим берүүнүн мазмунун кайра карап чыгууну активдештирет.

Мамлекет бизнестин кадрларын даярдоого, билим берүү программаларын түзүүгө, ошондой эле «ЖОЖ-өндүрүш» системасын түзүүгө түздүн-түз катышуусун колдойт, – деп жазылат.

Мамлекет ЖОЖдордо креативдүү лабораторияларды, стартаптарды, илимий борборлорду түзүүнү колдойт, анын ичинде зарыл шарттарды түзүү жолу менен колдоого алат. Жогорку билим берүүнүн сапатын жакшыртуу, улуттук жогорку билим берүүнүн системасынын беделин арттыруу максатында мамлекет «3-200-2040» программасын ишке ашырат. Мында өлкөнүн үч

алдыңкы университети 2040-жылы дүйнөлүк алдыңкы рейтингдерде дүйнөнүн 200 алдыңкы университеттеринин катарына кирет (Times Higher Education, Academic Ranking of World Universities, U.S.News, Шанхай рейтинги). Ушул максатта мамлекет өзүнчө улуттук долбоорду түзөт.

1.11-милдетте: Бардык жалпы билим берүү мектептерин интернетке туташтыруу. Алдыдагы беш жылдыкта жыл сайын дээрлик 140 жалпы билим берүү мектебин дүйнөлүк глобалдык тармакка кошумча туташтыруу пландалууда, натыйжада 500 миңден ашык окуучу акысыз интернетке кире ала тургандыгы белгиленет.

1.12-милдетте: Кесиптик билим берүү системасы менен эмгек рыногунун шайкештигин камсыз кылуу. Динамикалуу өзгөрүп жаткан дүйнөнүн шартында эмгек рыногунда талап кылынган компетенцияларды болжолдоонун жана баалоонун негизинде эмгек рыногундагы муктаждыктарга жооп берүү методологиясын кайра карап чыгуу каралган.

1.13-милдетте: Эмгек мигранттарын жана мекендештерди колдоо. Чет өлкөдө иштеп жаткан Кыргызстандын жаранын коргоо жана миграциялык процесстерди келечектеги инвестициялар, билимдер жана көндүмдөр, тажрыйбалар жана эл аралык байланыштар ресурсу катары колдоо белгиленген.

1.14-милдетте: Адам өзүнүн саламаттыгы үчүн жооп берүүгө тийиш. Сергек жашоо мүнөзүн, дене тарбияны пропагандалаган коомдук институттарга мамлекеттик колдоо көрсөтүлөт. Ар бир мектепте заманбап талаптарга туура келген спорттук залдар болушу керек. Спорттук инфраструктураны өнүктүрүү – бардык курактагы адамдар үчүн дене тарбиясы эсептелет, – деп белгиленген [3, 91-93].

Булардын бардыгын чечмелеп отуруунун кажети жок деп ойлойом, анткени алар түздөн-түз багыт берүүчү көрсөтмө түрүндө берилген, демек аталган милдеттерди илимий негизде аткаруу бүгүнкү КР педагогика илиминин вазийпасы.

Жалпысынан алганда, жогоруда белгиленген милдеттер педагогика илимине тиешелүү социалдык чөйрөнүн маанилүү тармагы болуп эсептелген билим берүү жана тарбия обьектилеринде топтолгон жана илимий негизде чечүүнү талап кылган маселелерди чагылдырып турат жана алар коомдогу обьективдүү факторлор менен шартталат. Андай илимий изилдөөнү шарттаган объективдүү факторлорго:

- изилдөөгө түрткү берген социалдык-экономикалык өнүгүү талаптардын бар экендиги;

- изилдөөнү талап кылган конкреттүү проблемалардын бар экендиги, анын маанилүүлүгү, жаңычылдыгы, перспективдүүлүгү;

- изилдөөчүгө мүнөздүү субъективдүү факторлордун: изилдөөчүнүн билим деңгээли, турмуштук тажрыйбасы, илимий интуициясы, жөндөмдүүлүгү, изилдөө кызыкчылыгы, илимий изилөө жамааттын илимий-практикалык багыты жана илимий жетекчинин илимий багыты ж.б. кирет.

**Учурдагы билим берүү жана тарбия процессинде топтолгон, түздөн-түз изилдөөнү талап кылган теориялык жана практикалык жактан актуалдуу көйгөйлөрдүн ичинде:**

- Таалим-тарбиянын стратегиясындагы коомдук жана жеке инсандык кызыкчылыктардын карым-катнаш маселеси;

- Инсанды бардык тараптан (всесторонний) өнүктүрүү идеясын перспективдүү идеал катары кабыл алуу менен инсандын ар тараптан (разносторонний) өнүгүүсүн камсыз кылуу;

- Балдардын өсүп-өнүгүүсүн аныктоодо унутулуп калган педологияга кайрылуу;

- Педагогиканын тарыхын, өзгөчө 1930-80-жылдардагы советтик мектептин жетишкендиктерин изилдөө жана аларды заманбап талаптарга ылайык колдонуу;

- Инсандын социалдык жактан калыптанышындагы адеп-ахлактык жана диний приоритеттердин өз-ара байланышын жана өзгөчөлүктөрүн изилдөө;

- Коомдун жапырт технологиялашуусу шартындагы жаштардын социалдык жактан калыптануу проблемалары;

- Үзгүлтүксүз билим проблемалары, алардын инсандын жаш өзгөчөлүгүнө байланыштуу функциялары жана мазмуну;
- Инсандын социалдык жактан калыптанышындагы дүйнөлүк деңгээлдеги приоритеттерге улут, дин, тил, маданий өзгөчөлүктөргө, каада-салттарга байланыштуу толеранттуулукка, жаштарды тынчтыкта жашоого жана кызматташууга даярдоо, талаш-тартыштарды өз-ара түшүнүүчүлүк жана сүйлөшүү жолдору менен чече билүүгө үйрөтүү ж.б. сыяктуу проблемалар турат.

**Конкреттүү илимий методологиялык талаптарга кайрыла турган болсок, изилдөөнүн темасында проблемалуулук көрүнүп туруусу зарыл.** Илимий проблема өүнөн-өзү пайда болбойт, ал коомдогу проблемалардын күзгүсү болуп эсептелет, башкача айтканда, коомдогу социалдык-экономикалык карама-каршылыктар улам күчөп олтуруп чечүү талап кылган проблемага айланганда пайда болот. Мисалы, биз күбө болгон коомдук өнүгүүнүн бир баскычынан экинчи бир түп тамырынан башка баскычына өтүүдөгү карама-каршылыктар постсоветтик мамлекеттерде көптөгөн социалдык-психологиялык проблемаларды жаратуу менен канча адамдардын замандын талабына жараша кооптошо (социалдаша албай), өзүн-өзү жоготуп коюуга дуушар кылып, тагдырлардын кыйрашына алып келди. Ал эми жаштар үчүн азыркы доорго социалдашуусу канчалык кыйын болгону менен, алар жаштардын психологиялык, физиологиялык өзгөчөлүктөрүнөн улам ал кыйынчылыктарды жеңип, ийгиликтүү социалдашып бара жатышат. Муну айтып жаткан себебим, Кыргызстан жаштардын өлкөсү. Өлкөдөгү 15-25 курактагы жаштардын саны калктын 3,1 бөлүгүн түзөт жана жыл сайын эмгек рыногуна кирип жаткан жаштардын саны 350 000 миңден ашык, келечекте бул дагы өсөт [5,12]. Андыктан педагогика илими үчүн жаштардын ыңгайлуу жана жагымдуу социалдашуусу, өзүн-өзү тааныта билүүгө үйрөтүү бирден-бир актуалуу маселелерден болуп кала берет.

**Илимий проблема** – бул теориялык зарылчылдыктан жана практикалык талаптан келип чыккан илимий чечүүнү талап кылган маселе болуп эсептелет. Мисалы, балдардын бош убактысын пайдалуу уюштуруу, окуучулардын тартип бузууларын алдын алуу, билим берүүдөгү жетишпестиктерди жоюу, коллективдүү билим берүү шартында инсандын жекече өнүгүүсүнө шарт түзүү ж.б. көп узактан келе жаткан педагогикалык проблемалар. Илимде белгилүү болгондой «...туура коюулган проблема – изилдөөнүн жарым-жартылай чечилиш» (В. Гейзенберг) болуп эсептелет. Мисалы, К. Поппер проблемалуу жагдайды «...өзүнүн тили бар, ар кандай теориялык божомолдорду, ишенбөөчүлүктү туудурган, азырынча далилделе элек татаалдыктардын фонундагы чечиле элек маселе», – деп эсептейт [6, 165].

Проблемалуу теманы аныктоо илимий компетенттүүлүктүн жанында изилдөөчүнүн ички интуициясынын (ички туюуусу) күчтүүлүгү, илимий жетекчинин көрөгөчтүгү, алардын изилдөө обьектисин жакшы билүүсү жана изилдөө предметин методологиялык жактан туура аныктай билүүлөрүнө байланыштуу.

**Изилдөөдө каралып жаткан проблеманын маңызы** – ошол изилденип жаткан объектидеги **карама-каршылыктарды** даана көрө билүү менен аларды илимий тилде тариздөө, талдоо жана чечмелөөгө (интерпретацияга) байланыштуу. Алыска барбай туруп эле бүгүнкү күндөгү педагогикалык изилдөөлөрдүн проблемалуулугун далилдеп турган карама-каршылыктардын катарында төмөнкүлөрдү белгилеп кетсек болот:

- бардык окуучуларга тиешелүү жалпы билим берүүнүн нормативдик мазмуну жана алардын окуучулардын жекече мүмкүнчүлүктөрү, жөндөмдүүлүктөрү, кызыкчылыктары ортосундагы дал келбестик;
- баланын таза ден соолугун камсыз кылуу талабы менен мектеп шартындагы билим берүүдөгү бир жагдайлуулук, кыймылдуулуктуктун аздыгы, үй-тапшырмалардын оордугу;
- таалим-тарбия чөйрөсүнүн ар түрдүүлүгү жана ачыктыгы менен билим берүү жана тарбия жүргүзүүчү уюмдардын салыштырмалуу жабыктыгы;

- маалымат ташуучу каражаттардын тынымсыз өсүп-өнүгүүсү, билим берүү тармагынын тездик менен технологиялашуусу жана ошол эле технологиялар менен камсыз болуунун жетишсиздиги сыяктуу ж.б. көрүнүштөр алдыга чыгат.

Аталган карама-каршылыктардан келип чыккан проблемаларды илимий негизде чечүү менен жалпы орто билимдүү жана социалдык жактан жетилген, адеп-ахлактуу, руханий жактан бай, физикалык дени сак инсандардын калыптанышын камсыз кылууга болот.

**Жыйынтык.** Ошентип, учурдагы педагогика илиминин негизги максаты: заманбап адамтаануу илимдериндеги жетишкендиктерден жана педагогиканын өздүк дүйнөтаанууччулук, методологиялык, багыт берүүчүлүк, колдонуучулук табиятынан чыгуу менен заманбап таалим-тарбия талаптарына туура келген проблемаларды аныктоо менен билим берүү жана таалим-тарбия процессин илимий негизде уюштуруу, толук кандуу инсанды калыптандыруу маселелерин теориялык жактан негиздөө жана аларды практикада ишке ашыруу жолдорун иштеп чыгууда жатат.

**Адабияттар:**


1. Гинзбург В. «Ожидаемые» и «неожиданные» открытия, 2004, № 12. /https://www.nkj.ru/archive/articles/384/ (дата просмотра: 03.06.2021).
2. Маркс К., Энгельс Ф. Соч. т. 46, – 212. с.
3. Кыргыз Республикасынын улуттук өнүгүүсүнүн стратегиясы 2028-2040-жж. /https://mfa.gov.kg/uploads/content/1036/cc1aaa7e-1e5d-3a35-bd69-9d52e9c1ba70.pdf
4. Нурбек Жеңиш. Экспорт услуг высшего образования в Кыргызстане. Институт государственного управления и политики. ДОКЛАД №7, 2012 г. – 48 с. /https://www.ucentralasia.org/Content/downloads/UCA-IPPA-WP-7-Education_Rus.pdf (дата просмотра: 03.06.2021)
5. Общий страновой анализ ООН по Кыргызской Республике. Обновлённая версия. Страновая команда ООН Бишкек, декабрь 2019. – С. 14.
6. Поппер К. Объективное знание. Эволюционный подход. М., 2002. – С. 165.
7. http://csrs.ru/archive/stat_2018_finance/finance_2018.pdf (дата просмотра: 16.05.2021)


***Рецензиялаган:***
***Добаев К.Д.,***
***КББАнын корреспондент мүчөсү,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***